КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Миграциялык кырдаалды жакшыртууга багытталган чараларды кабыл алуу жөнүндө**

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын көпчүлүк жарандары мамлекеттин чегинен тышкары убактылуу эмгектенүүгө аргасыз болууда жана барган өлкөсүндө, ошондой эле мекенинде ар кандай юридикалык, экономикалык, социалдык, турмуштук көйгөйлөрдү башынан өткөрүүдө.

COVID – 19 коронавирустук инфекциясынын пандемиясынын айынан келип чыккан экономикалык кризис эмгек мигранттарынын абалына терс таасирин тийгизди, алар жумуш ордунан, кирешесинен, турак-жайынан ажыроо, медициналык тейлөөнү тиешелүү түрдө албай калуу сыяктуу социалдык-экономикалык кесепеттерге туш болушту. Ушул себептен 2020-жылдын мартында алар Кыргыз Республикасына кайтып келе баштады, бул жумушсуздуктун өсүшүнө алып келди.

Өлкөдө миграция чөйрөсүнө тиешелүү көңүл бурулбагандыгы жана концептуалдуу стратегиялык документтин жоктугу натыйжасыз жана чар жайыт миграциялык саясатка алып келди.

Өлкөнүн социалдык-экономикалык бакубаттуулугунун башкы булагы катары адамдык потенциалдын ролун түшүнүп, азыркы жана келечектеги социалдык, демографиялык жана экономикалык чакырыктарды эске алып, миграцияны пайда кылган жана коштогон жагымсыз факторлорду азайтууга жана жеңилдетүүгө багытталган миграциялык процесстерди турукташтыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 65-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Эмгек мигранттарын барган өлкөлөрдө ар тараптан колдоо, ошондой эле Кыргыз Республикасында мигранттардын үй-

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

# ЖАРЛЫГЫ

# УКАЗ

ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О принятии мер, направленных на улучшение миграционной ситуации**

В настоящее время значительное число граждан Кыргызской Республики вынуждены осуществлять временную трудовую деятельность за пределами государства и испытывают различные юридические, экономические, социальные, бытовые проблемы как в странах назначения, так и у себя на родине.

Экономический кризис, вызванный пандемией коронавирусной инфекции COVID – 19, негативно отразился на положении трудовых мигрантов, которые столкнулись с такими социально-экономическими последствиями, как потеря рабочих мест, доходов, жилья, отсутствие должного доступа к медицинскому обслуживанию. По этой причине с марта 2020 года началось их возвращение в Кыргызскую Республику, что привело к росту безработицы.

Отсутствие в стране должного внимания и концептуального стратегического документа в сфере миграции привело к разрозненной и неэффективной миграционной политике.

В целях стабилизации миграционных процессов, направленной на смягчение и минимизацию неблагоприятных факторов, вызывающих и сопровождающих миграцию, с учетом текущих и предстоящих социальных, демографических и экономических вызовов, понимания роли человеческого потенциала как главного источника социально-экономического благополучия страны, руководствуясь статьей 65 Конституции Кыргызской Республики, **постановляю:**

1. Определить первоочередной задачей всестороннюю поддержку трудовых мигрантов в странах пребывания, а также защиту интересов и прав семей мигрантов в Кыргызской Республике.

бүлөлөрүнүн кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо биринчи кезектеги милдет деп аныкталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунушталсын:

– чет өлкөдө жүргөн эмгек мигранттарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, алардын абалын жакшыртуу үчүн заманбап санариптик технологияларды колдонуу менен маалыматтык-консультациялык иш-чараларды туруктуу негизде ишке ашыруу боюнча ишти активдештирүү;

– Кыргыз Республикасынын миграциялык саясатынын концепциясынын долбоорун оперативдүү тартипте иштеп чыгуу жана кароого киргизүү;

– жумуш орундарын түзүү үчүн өзгөчө салык режимин белгилеп, калкынын миграцияга кетүүсү кыйла жогорку деңгээлде болгон Кыргыз Республикасынын региондорунда жаңы өндүрүштөрдү өнүктүрүү боюнча инвестициялык долбоорлорду артыкчылыктуу тартипте ишке ашыруу;

– эмгек мигранттарына жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө улуттук экономикага инвестиция салуусуна дем берүү боюнча программаны (инструменттерди) 2021-жылдын биринчи жарым жылдыгынын аягына чейин иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

– демографиялык кырдаалдын өнүгүүсүн эске алып, Кыргыз Республикасынын жана эмгек мигранттары барган өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүнүн сценарийлерине жараша эмгектин ички жана тышкы рынокторунда орто мөөнөттүү мезгилде жарандардын ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү боюнча программаны иштеп чыгуу жана кабыл алуу;

– виза тариздебестен Кыргыз Республикасына эркин кирүүдө жана чыгууда, жашап турууга уруксатты тариздебестен, Кыргыз Республикасында жашоодо жана эмгектенүүдө, ишке уруксат алууда, ошондой эле билим берүү жана медицина кызмат көрсөтүүлөрүн алууда чет элдик жарандыгы бар мекендешке Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укук берген Мекен-карт улуттук демилгесин ишке ашыруу боюнча мыйзамдык актыларды кабыл алууну аяктоо;

– Кыргыз Республикасына кайтып келген эмгек мигранттарынын адаптациялануусу жана реинтеграцияланусу боюнча чараларды көрүү;

– ата-энеси эмгек миграциясында болгон балдарды эсепке алууну, кароону, укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү; мамлекеттик коргоонун кепилдиктери менен "эмгек мигранттарынын балдары" деген түшүнүктү мыйзамдык деңгээлде киргизүү;



2. Рекомендовать Правительству Кыргызской Республики:

– активизировать работу по защите прав и интересов трудовых мигрантов, находящихся зарубежом, по реализации на постоянной основе информационно-консультационных мероприятий с применением современных цифровых технологий для улучшения их положения;

– в оперативном порядке разработать и внести на рассмотрение проект Концепции миграционной политики Кыргызской Республики;

– в приоритетном порядке реализовывать инвестиционные проекты по развитию новых производств в регионах Кыргызской Республики с наиболее высоким уровнем миграционного оттока населения с установлением особого налогового режима для создания рабочих мест;

– до конца первого полугодия 2021 года разработать и принять программу (инструменты) по стимулированию трудовых мигрантов и членов их семей инвестировать в национальную экономику;

– с учетом развития демографической ситуации разработать и принять программу по содействию занятости граждан на среднесрочный период как на внутреннем, так и внешних рынках труда в зависимости от сценариев развития экономики Кыргызской Республики и стран назначения трудовой миграции;

– завершить принятие подзаконных актов по реализации национальной инициативы Мекен-карт, дающей его обладателю, соотечественнику с иностранным гражданством, равные права с гражданами Кыргызской Республики на свободный въезд и выезд из Кыргызской Республики без оформления визы, проживание и возможность трудиться в Кыргызской Республике без оформления вида на жительство и разрешения на работу, а также на получение образовательных и медицинских услуг;

– принять меры по адаптации и реинтеграции трудовых мигрантов, возвращающихся в Кыргызскую Республику;

– принять меры по обеспечению учета, присмотра, защиты прав и интересов детей, чьи родители находятся в трудовой миграции; ввести на законодательном уровне понятие «дети трудовых мигрантов» с гарантиями их государственной защиты;

– рассмотреть возможность разработки механизма, позволяющего родителям, выезжающим в трудовую миграцию, уведомить органы опеки об оставлении ребенка (детей) под опеку родственникам либо другим лицам, с использованием цифровых технологий или платформ органами опеки для мониторинга ситуации, связанной с детьми трудовых мигрантов;

– рассмотреть возможность определения и усиления ответственности родителей, выезжающих в трудовую миграцию, с оставлением своих детей без определения опекунов и попечителей и

– эмгек миграциясына кетип жаткан ата-энелерге баланы (балдарды) бир туугандарынын же башка адамдардын камкордугуна калтыргандыгы тууралуу камкорчулук органдарына кабарлоого мүмкүндүк берген механизмди эмгек мигранттарынын балдары менен байланышкан кырдаалга мониторинг жүргүзүү үчүн камкорчулук органдарынын платформаларын же санариптик технологияларды колдонуу менен иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн кароо;

– камкорчуларды жана көзөмөлчүлөрдү аныктабастан жана бул жөнүндө камкорчулук жана көзөмөлчүлүк органдарын кабарлабастан өз балдарын калтырып эмгек миграциясына кетип жаткан ата-энелердин жоопкерчилигин, ошондой эле алган милдеттенмелерин аткарбагандыгы үчүн камкорчулардын жана көзөмөлчүлөрдүн жоопкерчилигин аныктоо жана күчөтүү мүмкүнчүлүгүн кароо;

– этникалык кыргыздардын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн, кыргыз улутундагы жарандыгы жок адамдардын укуктук статусун жөнгө салуу үчүн төмөнкү адамдарга жөнөкөйлөтүлгөн тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу мүмкүнчүлүгүн берүү, эгерде:

адамдын чет элдик паспортунун, СССРдин паспортунун, ошондой эле кайрылмандын күбөлүгүнүн колдонуу мөөнөтү аяктаса же аяктап жатса;

чет мамлекеттин аймагында төрөлгөн адам Кыргыз Республикасында 18 жашка толсо жана Кыргыз Республикасынын жарандыгын өз убагында албаса;

ата-энеси Кыргыз Республикасынын жарандыгын алганга чейин Кыргыз Республикасында төрөлгөн адам Кыргыз Республикасынын аймагында 18 жашка толсо жана Кыргыз Республикасынын жарандыгын өз убагында албаса;

адамда Кыргыз Республикасынын аймагында аны жарандыгы жок адам деп таануу жөнүндө калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн корутундусу болсо;

адамда чет мамлекеттин туулгандыгы жөнүндө күбөлүгү чет мамлекеттин паспортун алгандыгы тууралуу белгиси менен бар болсо, бирок өтүнүч берген учурда анда чет мамлекеттин паспорту жана аны калыбына келтирүү мүмкүнчүлүгү жок болсо;

адамдын чет мамлекеттин туулгандыгы/никеси жөнүндө күбөлүгүндөгү, паспортундагы жеке маалыматтарды жазууда тамгалардан айырмачылыктар бар болсо;

чет мамлекеттин туулгандыгы жөнүндө күбөлүгүндө же паспортунда улуту деген графа жок болуп, этностук таандыктыгы Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси менен ырасталса;

– ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды, анын ичинде колдонуудагы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча чараларды көрүү.



без уведомления об этом органов опеки и попечительства, а также ответственность опекунов и попечителей за невыполнение взятых обязательств;

– для урегулирования правового статуса этнических кыргызов, включая лиц без гражданства кыргызской национальности, находящихся на территории Кыргызской Республики, предоставить возможность приобретения гражданства Кыргызской Республики в упрощенном порядке следующим лицам, если:

у лица истек или истекает срок действия иностранного паспорта, паспорта СССР, а также удостоверения кайрылмана;

лицо, родившееся на территории иностранного государства, достигло 18-летнего возраста в Кыргызской Республике и своевременно не приобрело гражданство Кыргызской Республики;

лицо, родившееся в Кыргызской Республике до приобретения родителями гражданства Кыргызской Республики, достигло 18-летнего возраста на территории Кыргызской Республики и своевременно не приобрело гражданство Кыргызской Республики;

у лица имеется заключение территориального отдела уполномоченного органа в сфере регистрации населения о признании на территории Кыргызской Республики его лицом без гражданства;

у лица имеется свидетельство о рождении иностранного государства с отметкой о получении паспорта иностранного государства, но на момент подачи ходатайства отсутствует иностранный паспорт и возможность его восстановления;

у лица имеются расхождения в правописании букв персональных данных в паспорте, свидетельстве о рождении/браке иностранного государства;

этническая принадлежность лица подтверждается дипломатическим представительством или консульским учреждением Кыргызской Республики при отсутствии в паспорте или свидетельстве о рождении иностранного государства графы национальность;

– принять иные меры, вытекающие из настоящего Указа, включая меры по внесению изменений в действующее законодательство.

3. Контроль за исполнением настоящего Указа возложить на отдел политики стратегического развития, экономики и финансов Аппарата Президента Кыргызской Республики.

4. Настоящий Указ вступает в силу со дня со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.Н. Жапаров**

КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№1
КАНЦЕЛЯРИЯ

г. Бишкек
29 января 2021 года УП № 4

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын стратегиялык өнүктүрүү, экономика жана финансы саясаты бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н. Жапаров**

Бишкек ш.
2021-жылдын 29-январы
ПЖ № 4